# ИНТЕРАКТИВДҮҮ МЕТОДДУН МАҢЫЗЫ ЖАНА МАЗМУНУ

**Мурадил к. А.**
*Мурадил кызы Асел – магистрант, С.Нааматов атындагы НМУ, Нарын ш.*

***Аннотация*** *Бул эмгекте окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын жана мугалимдин окуучуларга билим берүү үчүн койгон максатын аткаруучу каражат катары белгиленген.*

***Негизги сөздөр:*** *Окутуунун интерактивдүү методу. Интерактивдүү ыкма. Интерактивдүү усул.*

**Сущность и содержание интерактивного метода**

***Ключевые слова:*** *Метод интерактивного обучения, интерактивный метод.*

**The essence and content of the interactive method**

**NGU.Myradil kisi Asel**

***Keywords:*** *metod interaktywnego training, interactive method*

Бүгүнкү күндөгү мектептин ишин "Билим берүү Законуна" ылайык түп тамырынан жаңылоо маселеси-бул көбүнчө ар бир мугалимдин окуучуларды сапаттуу окутуп тарбиялоого канчалык даражада профессионалдуу мамиле жасашына, канчалык өзүнүн педагогикалык устаттыгын, идеялык ишенимин, эрудициясын жана жалпы маданиятын өркүндөтө ала тургандыгына көз каранды. Мектеп ишин жаңылап жакшыртуунун бардык маселелеринин ичинен окуу предметтерин жогорку илимий методикалык деңгээлде окутуунун негизинде окуучулардын билимдеринин, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн сапатын кескин түрдө жогорулатып, алардын окууга болгон милдеттүүлүгүн күчөтүү, окуу таанып билүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү эң башкы милдет болуп саналат [1].

Өлкөдөгү саясий, социалдык, экономикалык жана башка өзгөрүүлөр билим берүү системасына да таасир тийгизди. Бул өзгөрүүлөрдөн улам мектептерде жаңы сабактарды киргизүү эле эмес, окутуу методикасын өзгөртүү зарылдыгы да келип чыкты. Биздин өлкө демократиялык өнүгүү жолун тандап алгандыктан, азыр коомчулукту чечим кабыл алууга катыштыруу абдан маанилүү.

Окутуунун интерактивдүү методу - окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын айтабыз. Окутуунун интерактивдүү методдору - бул окутуучунун педагогдук ишмердүүлүгү менен студенттин таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн жандуу органикалык биримдиги. Окутуу процесси, анда коюлган максатка жетүү, окутуунун формасы жана аларды турмушка ашыруунун мүмкүнчүлүктөрүн, өбөлгөлөрүн аныктабай туруп, өз алдынча каралуучу жана аткарылуучу процесс эмес. Окутуунун интерактивдүү методу ошол мүмкүнчүлүктөрдү, өбөлгөлөрдү камсыз кылуучу окутуу системасынын ажырагыс бөлүгү, компоненти.

Окутуунун интерактивдүү методу - окуучуларга билим, билгичтик, көндүмдөрдү берүүгө, аларды тарбиялап өстүрүп өнүктүрүүгө багытталган мугалим менен окуучунун арасындагы максаттуу өз ара биргелешип аракеттенүүлөрүнүн ыкмасын айтабыз. Окутуунун интерактивдүү методу - мугалимдин окуучуларга билим берүү үчүн койгон максатын аткаруучу каражат болуп эсептелет. Ар бир мугалимди «Кантип окутуу керек?» деген ой толгоо педагогиканын эң негизги категориясы болгон окутуу методдоруна такайт.

Окутуунун интерактивдүү методу - мугалимдин окуучуларга билим берүү үчүн койгон максатын аткаруучу каражат болуп эсептелет. «Метод» (усул) грек тилинин «методос» -ыкма, каражат деген сөзүнөн алынган, б.а. кандайдыр бир ишти аткаруу каражаты, жолу деген мааниде колдонулат. Бул аныктама менен эле чектелүүгө болбойт, себеби илим-маданият өскөн сайын, жаңылыктарды балдарга жеткирүү, билим алууга умтулуу жолун издөө маселеси педагогдорду дайыма кызыктырып келген.

И. Ф. Харламов: «Окутуу методу - мугалимдин окуу процессин уюштуруу жана өтүлүп жаткан материалдарды дидактикалык жактан өздөштүрүү үчүн колдонгон каражаттары» - дейт [2,6-7-бб].

Ю.К. Бабанский болсо мугалим менен окуучунун билим алууда биргелешкен иш-аракетин баса көрсөтүп «Окутуу методу - мугалим менен окуучунун билим алууда биргелешкен иш-аракетинин каражаты» - дейт.

Т.А. Ильина: «Окутуу методун окуучулардын таанып билүү иш-аракетин уюштуруу каражаттары»- деген [1,2, 6-12-бб].

Жаңы компютердик технологиянын пайда болушу менен окутуу процессинде мугалимсиз жана кызматташ болбой эле балдардын өз алдынча компьютер аркылуу билим алуусун уюштуруу иш-аракети техникалык усулдарды пайдаланууну белгилейт. Мына ушул айтылгандарды топтоп "Окутуу усулу - окуучулардын билим алуусун максатка ылайык уюштуруу, таанып билүү деңгээлин активдүү жогорулатуу жана окуу иш-аракеттерин ийгиликке жетишүүгө багыттоо каражаты» - деп белгилесек болот. Окутуунун ийгиликтүүлүгү анын максаттарынын кандай болушуна жана материалдын мазмунуна гана көз каранды эмес, ал ошондой эле коюлган максаттарга жетишүүнүн

жолу кандай болушуна, б. а. окутуу методунун кандай экендигине да көз каранды. Окутуунун методдору көп кылымдар бою колдонулуп келе жатат. Окутуунун методу деп эмнени түшүнүү керек? Ар кандай метод (мисалы столду жасоо ыкмасы ж. б.) коюлган максатка ылайык келүүчү натыйжага жетишүүнү камсыз кылуучу адамдын аң-сезимдүү, белгилүү ырааттыкта аткарган иш-аракеттеринин системасы экендиги белгилүү. Демек, ар кандай метод төмөнкүлөрдү:

а) максаттын коюлушун; б) адамдын ишмердүүлүгүн (аракеттеринин системасын); в) зарыл болгон (интеллектуалдык, практикалык, предметтик) каражаттарды; г) объектинин өзгөрүү процессин (объекттин максатка багытталган кыймылынын механизмин); д) максатка жетишүүнү камтыйт.

Окутуунун интерактивдүү методу жалпы түрдөгү алынган методдордон кескин түрдө айырмаланат: мында мугалимдин таасир этүүсүнүн объектиси окуучу, коюлган максатка жетишүү дал ошол окуучунун эркине жана кызыкчылыгына көз каранды болот. Демек, окутуунун интерактивдүү методдорунда мугалимдин керектүү каражаттарды колдонуу менен аткарган иштери окуучуда максат келип чыккандай жана анын өзүнүн ишмердүүлүгү ошол максатка жетишүүнү камсыз кылгандай болуп уюштурулушу зарыл. Мына ошентип, окутуунун ар кандай методу окуучунун алган билиминин мазмунун түшүнүп билүүсүн камсыз кыла турган анын таанып билүүчүлүк жана практикалык иш-аракетин уюштуруучу мугалимдин максаттуу иш-аракеттеринин системасы болуп эсептелет. Башкача айтканда, окутуу методу дайыма сөзсүз мугалим менен окуучунун өз ара аракеттешүүсүнөн турат, мындай өз ара аракеттешүүнүн жүрүшүндө мугалим окуучунун окулуп үйрөнүлүүчү объект менен болгон иш-аракетин уюштурат, бул иш-аракеттин натыйжасында окуучунун материалды өздөштүрүү процесси ишке ашырылат [4].

Сабак өтүүдө методдорду туура тандоодо темасына, максатына, мазмунуна, татаалдыгына жана окутуунун түрүно жараша болот. Илимий-техникалык прогресс өнүккөн сайын, педагогика илими жаңыланып өскөн сайын, аны өздөштүрүү усулдары да өзгөрүп турат. Азыркы мезгилде окуучулардын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүн, өз билимин өнүктүрүү, өзүн-өзү таанып билүү жана калыптандырыусун пайда кылуучу жана өнүктүрүүчү интерактивдүү методдор кеңири колдонула баштады.

**Интерактивдүү**- бул англис тилинен которгондо "өз ара аракетте болуу» дегенди билдирет.

**Интерактивдүү ыкма** менен окутуу баарыдан мурда бул окуу процессинде өз ара байланышта болу жана түгөйлөрдүн же группалардын өз ара аракеттениши жана кызматташтыгы. Интерактивдүү метод –татаал идеяларды түшүнүүгө жана окутуунун максаттарына жетишүүгө жардам берген каражат катары интерактивдүүлүк колдонулуучу усул. Интерактивдүүлүк – идеяларды жазуу, оозеки түрдө же кандайдыр бир сигналдардын жардамы менен алмашуучулук.

**"Окутуунун интерактивдүү методу"** деген терминдин өзү педагогикада XX к. 80-ж. пайда болгон. Советтик педагогикада ал «кызматташтык педагогикасы» деген наам алган. Бул аталыш советтик мектептин эң жакшы сапаттарын, орус жана чет элдик психология педагогикалык илимдин жана практиканын жетишкендиктерин бириктирип 80-жылдардагы мугалимдер тарабынан берилген. Жогоруда айтылгандай, интерактивдүү окутуунун башкы өзгөчөлүгү, окуу процесси группада биргелешип аракеттенүү аркылуу жүргүзүлгөндүгүндө. Биргелешкен иш окуучулардын ар биринин жалпы ишке кызыгуусун жаратат жана тырышып аракеттенүүнү, ойлонууну, чыгармачылык активдүүлүктү талап кылат. Изилдөөлөр көрсөткөндөй интерактивдүү ыкма менен окутууда, окуучулардын билим сапаты дагы жогорулайт.

**Интерактивдүү методдор** мугалим менен окуучунун жана окуучу менен окуучулардын ортосундагы өз ара байланыштарды жана окутуу процессиндеги окуучулардын өз алдынча таанып билүү ишмердүүлүгүн уюштуруучу методдор болуп эсептелет. Интерактивдүү ыкма менен иштөөдө, окуучулар кандайдыр бир проблеманы талкуулап жатышып, аны чечүүнүн бир нече жолу бар экендигин түшүнө башташат, өз көз караштары менен башкалардын көз караштарын салыштырууну үйрөнүшөт. Эгер сабак учурунда окуучулар ортосунда, ошондой эле окуучулар менен мугалимдин ортосунда карым-катыш жогорку деңгээлде жүрсө, биз мындай окутууну жана сабак берүүнү интерактивдүү деп атайбыз. Мындай карым-катыш адатта кайсы бир проблеманы кантип чечүү керек жана сунуш кылынган чечим канчалык алгылыктуу деп жүргүзүлүп жаткан талкуу түрүндө болот. Мындагы эң башкы нерсе - маселени чечүү процесси анын жообундай эле мааниге ээ, атүгүл кээде андан да маанилүү экендиги. Себеби интерактивдүү методду колдонуудагы биздин максат окуучуларга маалымат берүү эле эмес, алардын жоопторду өз алдынча таба билүү көндүмдөрүн да калыптандыруу болуп саналат.

Интерактивдүү метод ар түрдүү көп маселелерди чечүүдө өз ара аракеттенүү ыкмаларын ар башкача колдонууга ийкемдүү келет. Бирок кандай гана методду колдонбойлу, окуучулардын

турмуштук тажрыйбасы билим алуунун негизги башаты катары каралышы керек. Окуу процессинде окуучу төмөндөгүлөр менен карым-катышта болуп, бирге аракеттенет:

Изилдөөлөр көрсөткөндөй интерактивдүү ыкма менен окутууда, окуучулардын билим сапаты дагы жогорулайт [3].

Интерактивдүү метод менен окутууда мугалимдин ролу жана сабакта ишти уюштуруучу.

Интерактивдүү усул менен сабак өтүүдө мугалим-фасилитатор, насаатчы-багыт берүүчү болуп эсептелинет. Мугалим-фасилитатор катары:

- Теманы, суроолорду аныктайт.
- Тактага же флипчартка аларды жазат.
- Окуучуларга тапшырманы түшүндүрөт.
- Тапшырманы аткаруунун убактысын белгилейт.
- Окуучуларды иштөө тартиби жана алтын эреже менен тааныштырат.
- Аткарган иштерин айтып берүүнүн тартиби (презентация) менен тааныштырат.

**Улям Глоссердин пирамидасы.**




- Окуучуларга жоромолдоочу суроолорду берип турат.
- Маалыматтарды топтоп, идеяларды тактоого жардамдашат
- Ар бир окуучу көңүл коюп угат

Окуучуларды өз билимдерин бири-бири менен бөлүшүп кызматташ болууга чакырат.

- Окуучуларга багыт берип турат.
- Талкуунун аралыгында жыйынтыктоочу бүтүм чыгарып турат.
- Теория менен практиканы айкалыштырат.
- Окуу материалын жеңил кабыл алууну жана өздөштүрүүнү камсыз кылуучу ыкмаларды колдонот.
- Окуучулардын инсандык сапаттарынын өнүгүшүнө багыт берет.

Окутуу процессинде окуучуларга интерактивдүү метод боюнча иштерге анализ жасоо менен төмөндөгүдөй жыйынтык чыгарууга туура келди:

1. Интерактивдүү метод боюнча илимий адабияттарды талдоо менен биз бул маселе окуу процесси менен байланышта экендигин көрдүк. Ошону менен катар биздин дипломдук ишибиздеги козголгон проблема боюнча изилдөөлөр жетишээрлик деңгээлде эмес. Анткени кыргыз тил предметин окутууда интерактивдүү методго гана токтолбостон, айрым окутуу боюнча практикалык абалга, мазмундуу компоненттерге басым жасоо керек.

2. окутуу процессинде интерактивдүү методдун практикалык абалын аныктоодо:

- окутууда интерактивдүү ыкмаларга, каражаттардын системалуу пайдаланылышына муктаж.
- мүмкүнчүлүккө жараша кружоктордун иштөөсүнө, борбордун болушуна жана жогорку окуу жайлар менен тыгыз методикалык иш – чаралардын жүргүзүлүшүнө, маалыматтык технологиялардын пайдаланылышына шарт түзөт.

3. интерактивдүү методду колдонуу менен тарбиялоо системасына, педагогикалык технологияга ылайык уюштурулушу зарыл.

**Адабияттар:**

1. И.Б.Бекбоев Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери 281-282-бет –Бишкек «Педагогика века», 2004
2. М.М.Эсенгулова, Ж.Д.Асекова Сынчыл ойломду өстүрө турган окуу жана жазуу» программасынын хрестоматиясы. –Бишкек-2004
3. М .М.Эсенгулова, Ж.Д.Асекова Мүмкүнчүлүктөрдү кеңейтүү…(«Окуу жана жазуу аркылуу сынчыл ой жүгүртүүнү өстүрүү» усулунун теориясы жана практикалык тажрыйбасы) –Бишкек-2008
4. Ж.Дуйшенова, Н.Казак кызы, М.Эсенгулова Мен лидер болгум келет! Лидерлик сапаттарды өнүктүрүү боюнча жаш тренерлерге арналган колдонмо. –Бишкек, Мектеп-1/2010.